Суроо-жооптор

№	Суроо	Жооп
1	“Кыргызстан УЭТ” ААКында иштебеген каалаган адам жазыла алабы? Жаш курагы боюнча чектөөлөр, билимине же ден соолугунун абалына карата талаптар барбы? Кыргыз Республикасынын жараны эместер болобу?	Окуу борборундагы окуу курстарына 18 жаштан баштап, каалаган адам билимине жана жарандыгына карабастан жазыла алат.
2	Учурда кайсы кесиптер боюнча окууга болот?	Учурда окутуу 72 программа боюнча жүргүзүлөт.
3	Ар бир курс канча күн, жума же ай созулат? Кайсы кесиптерди тез убакытта үйрөнүүгө болот?	Тандалып алынган конкреттүү программадан көз каранды.
4	Ар бир адистик боюнча окуу акысы канча турат? Акысыз программалар, арзандатуулар же жеңилдик алган категориялар барбы?	Курстардын баасы окуунун узактыгына жараша болот. Акысыз окутуу И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин студенттерине берилет.
5	Окутуунун канча бөлүгүн практика ээлейт? Жеке тренажерлор, крандар, ширетүүчү жана электр-техникалык жабдыктар барбы?	Практика план-графикке ылайык жүргүзүлөт. Тексттик материалдардан тышкары, окуучуларга практикалык сабактар учурунда ар кандай типтеги жана түрдөгү жабдыктар, компьютердик-имитациялык тренажерлор, ошондой эле методикалык куралдар жана окуу стенддери берилет. Ар бир курстун программасында «КУЭТ» ААКтын энергетикалык объекттерине экскурсия каралган, аларга Окуу борборундагы микроавтобус менен барышат.
6	Курсту аяктагандан кийин угуучу кандай документ алат? Разряд же квалификация ыйгарылабы? Өз алдынча иштөө үчүн кандай кошумча уруксат кагаздары (допуск) милдеттүү?	Окуу курсу аяктагандан кийин жана аттестациядан өткөндөн кийин, угуучуларга курска жараша белгиленген үлгүдөгү документтер (күбөлүк, документ же сертификат) берилет.
7	Башка шаардан келген окуучулар үчүн жатакана барбы?	Ооба, жатакана бар. Ал Окуу борборунун өзүнүн аймагында жайгашкан. Зарылчылыкка жараша окуучуларга 100 орундуу жатакана берилет, ар бир бөлмөдө жашоо үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөн.
8	Жакынкы кабыл алуу качан башталат? Кандай документтер керек? Онлайн жазылууга болобу?	Окутуу план-графикке ылайык жыл бою жүргүзүлөт. Окууга онлайн режиминде да жазылууга болот.
9	2025-жылы жана 2026-жылдын 10 айында канча угуучу окутулган?	Окуу борбору 2025-жылы 2380 адамды окутту. 2026-жылдын 9 айында 1605 адам окуудан өттү.